| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫК<br>ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ<br>715400, Таш-Көмүр шаары<br>Некрасов көчөсү №2. Тел; (03745) 5-02-57 | КЫРГЫЗ<br>РЕСПУБЛИКАСЫ | МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ<br>КЫРГЫЗСКОЕ РЕСПУБЛИКИ<br>УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКОЕ ОБЛАСТИ<br>ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ<br>ГОРОДА ТАШ-КУМЫР<br>715400, город Таш-Кумыр<br>ул. Некрасова №2. |

14.11.2024 № 28-8/2295

**Таш-Көмүр шаардык**
**АШКнын төрагасына**

Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне 02-045-2024-000693 саны менен катталган тергөөгө чейинки териштирүү материалы боюнча Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 27-бер. 1-бөл. 2-п. жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 455-беренелеринин негизинде кабыл алынган кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтомун, караштуулугу боюнча Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодекси менен чара көрүү жагын карап чыгуу үчүн жиберебиз.

Тиркеме: кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтомунун көчүрмөсү 3 (үч) барактан, материалдардын көчүрмөлөрү 8 барактан турат.

**Тергөө кызматынын башчысы**
**милициянын улук лейтенанты:** **Мамасалиев А.**

02-045-2024-000693-01-001-

# ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела**

Таш-Көмүр шаары 14.11.2024-ж.г.

Мен, Таш-Көмүр ШИИБнүн Тергөө кызматынын тергөөчүсү милициянын лейтенанты Кыдыралы у А, 2024-жылдын 12-ноябрында Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне (маалыматтардын электрондук журналына) 02-045-2024-000693 саны менен катталган тергөөгө чейинки териштирүү материалдарын карап чыгып төмөндөгүлөрдү,

**АНЫКТАДЫМ** / УСТАНОВИЛ:

Таш-Көмүр шаарынын Шопоков көчөсүнүн №25-1 үйүнүн тургуну, 12.06.1968-жылы туулган Малабеков Талайбек Ыманбекович арыз менен кайрылып, анда: 2024-жылдын 17-ноябрында боло турчу “жергиликтүү кеңештин депуттатарын шайлоо” боюнча Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаттыгына “Жаштар” саясий партиясынан талапкер болуп дайындалгандыгын билдирген. Шайлоо алдында 2024-жылдын 12-ноябрында Таш-Көмүр шаарынын Спортивая көчөсүнүн №13 үйүнүн тургуну 15.10.1946-ж.т Кудаяров Анарбек, интернет булагынын “Жардамбек Көмөкчиев” ютуб баракчасына, “Таш-Көмүр шаардык кеңешине “Жаштар” саясий партиясынан талапкер Кудайбердиев Сагын Пандемия учурунда жеп койгон акчасын төктү, анан дагы айтайын дегеним, Нефти базанын жерин мыйзамсыз токтом чыгарып, жер комиссиясынын төрагасы (председатели) Малабеков Талайбек (жаштар саясий партиясынан шаардык кеңештин депутаттыгына талапкер) баш болуп жерди таратып сатып жиберишкен, кызыл китеп мыйзамсыз алып берген, кантип ушулар кайрадан депутаттыка коюуп жатат”-деген кайрылуусу жалган экендигин, айтып, видео кайрылуу жасаган А.Кудаяровго карата мыйзам чегинде чара көрүп берүүнү суранып арыз менен кайрылган.

Аталган арыз Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне 02-045-2024-000693 саны менен болуп катталып, тергөөгө чейинки териштирүү иштери башталган.

Териштирүү учурунда, Т.Малабеков өз көрсөтмөсүндө мурда шаардык кеңештин депутаты болуп жүргөндүгү анык экендиги, бирок, депутат болуп жүрүп жер комиссиясынын төрагасы болгон эместигин, Таш-Көмүр шаарынын аймагында эч кандай жерлерди саткан эместигин, мыйзамсыз иш-аракеттерди жасаган эместигин көрсөтүп, видео кайрылуу жасаган А.Кудаяровдун кайрылуусундагы маалыматтар жалган экендигин айтып билдирип, айтылган сөздөрдү далилдеп берүүсүн, эгерде далилдей

Документ подготовлен в АИС "ЕРП"

албаса актоо иретинде кайрылуу жасоосун жана мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартылуусун суранган.

Ал эми, Таш-Көмүр шаарынын Спортивная көч. №13 үйүнүн жашоочусу 15.10.1946-ж.т Кудаяров Анарбекти тергөө кызматына суракка камсыз кылуу максатында атайын тапшырмалар берилип, Таш-Көмүр ШИИБдин ЭММКАКтын ыкчам кызматкери Н.Кутмановтун тактамасы боюнча А.Кудаяров азыркы учурда Таш-Көмүр шаарындагы жашаган дарегинде жок болгондуктан, ал менен +996 777-600-303 сандуу мобилдик телефону менен байланышкан учурда, Бишкек шаарында дарыланып жаткандыгын айтып билдиргендиктен Тергөө кызматына сурак кылуу үчүн камсыз кылууга мүмкүнчүлүк болгон эместиги тууралуу тактама менен кайрылган.

Текшерүүнүн жүрүшүндө А.Кудаяровтун видео кайрылуусу боюнча тиешелүү материалдар чогултулуп, Кыргыз Респбликасынын ИИМдин МТББ соттуулугу жөнүндө тактамаларына ылайык 12.06.1968-ж.т Малабеков Талайбек Ыманбекович жана 23.07.1985-ж.т Кудайбердиев Сагынбек Токтосуновичтер кылмыш жоопкерчилигине тартылбагандыгы аныкталган андан сырткары Таш-Көмүр шаардык шайлоо комиссиясынан алынган маалыматтарга ылайык "Жаштар" саясий партиясынан депутаттыка талапкер болуп тиешелүү текшерүүлөрдөн өтүп, катталгандыгы аныкталды.

Мындай жагдайда, Т.Малабековтун арызы боюнча кылмыштын курамы аныкталган жок, ал эми А.Кудаяровтун аракетинде Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 66-беренесиндеги укук бузуулар байкалат.

Демек, Т.Малабековтун арызы негизинде чогултулган материалдар боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылып, А.Кудаяровго карата Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 455-беренесинин талаптарына ылайык АШКнын ыйгарым укуктарына киргендиктен токтомдун көчүрмөсүн тиешелүү материалдар менен бирге жиберүүнү туура деп эсептеймин.

Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-бөл. 2-п. жана КРнын Укук бузуулар кодексинин 455-беренелерин жетекчиликке алып;

**Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып** / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики,

**ТОКТОМ КЫЛДЫМ** / ПОСТАНОВИЛ:

1. 02-045-2024-000693 сандуу чогултулган материалдарда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.
2. Таш-Көмүр шаарынын Спортивая көч. №13 ү.т 15.10.1946-ж.т Кудаяров Анарбектин аракетине карата Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 66-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн, Таш-

Көмүр шаардык аймактык шайлоо комиссиясына токтомдун көчүрмөсүн тиешелүү материалдар менен бирге жиберилсин.

3. Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптар тааныштырылып алардын укук милдеттери түшүндүрүлсүн.

4. Токтомдун көчүрмөсү маалымат иретинде Таш-Көмүр шаардык прокуратурасына жиберилсин.

тергоочу Кыдыралы уулу А.

ЗАЯВЛЕНИЕ ... ПРЕСТУПЛЕНИИ ЗАРЕГИСТРИРОВАНО
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ТАШ-КУМЫР
(органдын аталышы / наименование органа)
№ МЭЖ/ЖУИ 02-045-2024-000693
Каттоо датасы, убактысы/Дата-время регистрации:
19 с./ч. 31 мин. 12 11 2024 ж./г.
Кызмат адамы/Должностное лицо
(каттоого жооптуу/ ответственное за регистрацию)
дежурный
(кызматы/ должность)
Темирбеков М.
(Ф.А.Ж./Ф.И.О. колу, подпись)

А. Мамашевке
2024

Таш-Көмүр ШИИБнүн башчысы
милициянын полковниги
**М.Т.Добулбековго**
Маралбеков Талайбек
Ыманбековичтен

(арыз ээсинин фамилиясы, аты жана атасынын аты, анын мыйзамдуу өкүлү же башка адам)

жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө

# АРЫЗ

Мен, Маралбеков Талайбек Ыманбекович
(арыз ээсинин аты-жөнү)

Кудаяров Анарбек,
(кылмышкер (-лер) же кылмышка шектүү адам (-дар), белгисиз адам (-дар)

кылмыш жоопкерчилигине тартуу тууралу арыз жазганымдын себеби төмөндөгүчө:

2024-жылдын 12-ноябрында Кудаяров Анарбек деген аксакалыбыз мени жана „Жолдор" партиясынан талапкерлеринин абройуна шек келтирип, каралоо макалаларды Таш-Көмүр шаарынын элине видео кайрылуу жасады. Ал видеодогу маалыматтар жалган. Жалган маалыматтарды таркаткандыгы үчүн Кудаяров Анарбекке мыйзам чегинде чара көрүп берүүңүздү суранамын.

*(жогоруда жактагы арыз ээси тарабынан **жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө кыскача маалымат:** мезгили, орду жана кылмышты жасоонун ыкмасы, алынган жаракаттары, мед. мекемелерге кайрылган болсо, ким качан жана кайсы жерде кароо жүргүзүлгөн, кылмышкер же кылмышка шектүүлөр, ар бир адамдын кылмышка жасалган аракеттери, күбөлөр,мулктук, зыян заттык далилдер жөнүндө жана башка кылмышка тиешелүү маалыматтар)*

Арыз ээсинин колу ______________